*Р.К. Шамшиев, М. Мамытов*

**Кыргызстандын келечеги ички руханий маданияттын калыптанышында**

Кыргыз элинин башка элдер сыяктуу эле өз эгемендүүлүгүнө ээ болуусу, социалдык-саясий, экономикалык маданий өнүгүүнү өз алдынча чечүүгө мүмкүнчүлүк түздү. Бул мүмкүнчүлүктү түшүнүүдө биз муундан муунга берилип келе жаткан рухий маданий мурастарды обьективдүү, ар тараптуу окуп үйрөнүүгө көңүл буруубуз зарыл.

Эл аркалаган улуу мурас – жомок, миф, легендалар, кыска мазмундуу терең макал-лакаптар жана уламыштар андагы улуу касиет, кыргыз элинин руханий маданиятынын түптүүлүгүнөн кабар берет. Бул баалуулуктар кылымдар бою кыргыз элинин турмушун коштоп келе жатканы малым, бирок аны акыркы жылдары колго алуу жарандар тарабынан жоопкерчиликке ээ болбой келүүдө.

Рухий өнүгүүнүн чөйрөсүндө тыгыз байланышкан эки диалектикалык процесс келип чыгат. Биринчиден, ар бир элдин улуттук жетишкендиктерин сыйлоону, улуттук кызыкчылыктарды коргоону, улуттук тилдердин өнүгүшүн камсыз кылууну, бардык элдердин каада-салттарын жана улуттук маданиятын өнүктүрүүнү талап кылган улуттук аң-сезимдин, психологиянын, маданияттын кайра жаралуусу. Экинчиден, азыркы дүйнөнүн шарттарында интеграциялык процесстердин өнүгүшү жана коомдук турмуштун ар тараптан интернационалдашуу процессинин күчөшү.

Республиканын элдеринин улуттук кайра жаралуусу коом таануучу окумуштуулардан ар бир элдин коомдун тарыхындагы ордун, ролун анын дүйнөлүк коомдук-философиялык ойлордун өнүгүшүндө жана бүткүл дүйнөлүк маданиятта кошкон салымын изилдөөсүн талап кылат.

Ар бир эл кылымдардан кылымдарга чейин дүйнөлүк коомдук процесстен сырткары жашай албагандыгы белгилүү, анткени дайыма башка элдер менен экономикалык, саясий жана маданий жактан тыгыз байланышта болуп келген. Ошондуктан, ар бир элдин руханий маданияты, билими дүйнөлүк руханий маданияттын бир бөлүгү катары өнүгөт.

Демек, ар бир мамлекеттин жана ар бир элдин руханий маданиятын философиялык багытта изилдөө адамзаттын философиялык өнүгүүсүнүн биримдик принцибинде жүргүзүлөт.

Айрым элдердин тарыхынын жалпылыгы материалдык байлыктарды өндүрүүнүн жолунда жана жашоонун өзүндө чагылдырылат. Ар түрдүү элдердин жана улуттардын эмгек ишмердүүлүгүнүн жөндөмү, нравасы, каада-салттары боюнча айырмалангандыгына карабастан бардык жерде адамдардын карым катнашы алардын аң - сезими жана тили аркылуу аныкталып жашайт. «Ал эми эмгек адамдын жашоосундагы табигый шарт катары бардык элдер үчүн бирдей болуп эсептелет»? Мындан адамзат тарыхынын бирдиктүүлүгүнүн материалдык негизи болуп материалдык байлыктарды өндүрүү жолу эсептелери көрүнүп турат, бул – коомдун өнүгүшүнүн жалпы мыйзам ченемдүүлүгү. Адамзаттын тарыхынын жалпылыгы коомдук ойлордун өнүгүшүнүн жалпылыгында философиялык аң-сезимдин келип чыгышында берилет.

Азыркы учурда көрүнүктүү америкалык немец философу, социолог жана психолог Эрих Фромм айрым элдердин жалпылыгы жөнүндөгү гумандуулук идеяларды айтуу менен «Из плена иллюзий» деген китебинде: «Ар бир адам бүткүл адамзатты көрсөтөт. Биз жөндөмдүүлүгүбүз, ден-соолугубуз жана акылыбыз боюнча айырмаланабыз. Ошентсе да биз бардыгыбыз бирдейбиз[1]»???

Ар бир элдин коомдук философиялык ойлорун дүйнөлүк маданияттан бөлүп изилдөөгө мүмкүн эмес. Ошондуктан, белгилүү бир элдердин социалдык маданий шарттар менен байланышкан философиялык жана коомдук саясий ойлорунун оригиналдуулугун өзгөчөлүгүн изилдөөдө коңшу элдер үчүн мүнөздүү болгон рухий маданиятындагы байланыштарды көрсөтүү зарыл.

IX-XII- кылымдарда Орто Азияда өндүргүч күчтөрдүн жана ага дал келген феодалдык өндүрүштүк мамилелердин өнүгүшү менен илим маданияттын өнүгүү темпи байкалды. Мында илим менен маданияттын гүлдөшү «Чыгыш Ренессансы» деп аталган шарттарда келип

чыккан. Анын негизги мазмуну болуп илимдин прогресси менен шартталган дүйнөнү рационалдуу таануунун өнүгүшү, коомдук философиялык ойлордогу жана маданияттагы гумандуулук кыймылы эсептелет. Дин, тактап айтканда ислам жана буддизм коомдун рухий турмушунда негизги орунду ээлеп келсе да, чөлкөмдөгү элдердин коомдук ойлорунун жана илимдин өнүгүшүн токтото алган жок. Илимий жана коомдук ойлордун калыптанышында диний- символикалык кабыл алуу маанилүү роль ойногон.

Буддизм жана ислам – бул дүйнөлүк диндер гана эмес, ошондой эле идеологиянын спецификалык формасы, дүйнөгө болгон кээ бир баскычтарында диний гана эмес, ошондой эле философиялык концепциялар менен байланышкан социалдык, этикалык, эстетикалык идеялар камтылган.

Азыркы учурда Орто Азия элдеринин гумандуу салттарын калыбына келтирүү жана түзүү, демократияны өнүктүрүү шарттарында диндин оң жактарын белгилөө менен нравалык баалуулуктардын кайра жаралуусуна жана жаштарды гумандуулук идеялар духунда тарбиялоодо анын терс жактарын да унутпоо керек. Мисалы, Орто Азия жана Чыгыш Түркстандын исламдаштыруу үчүн кандай баада жооп бергендиги тарыхта белгилүү.

Дүйнөнү диний түшүнүү, мифологиялык аң-сезим сыяктуу эле, философиянын калыптанышынын жана өнүгүшүнүн өбөлгөсү болуп эсептелет. «Адегенде философия аң сезимдин диний формасынын айланасында иштелип чыккан жана муну менен бир жагынан, динди жокко чыгарат, ал экинчи жактан, оң мазмуну боюнча өзү диний чөйрөдө аракеттенет»,-деп жазган К.Маркс. Илим өнүгүүгө ээ боло электе дүйнөгө болгон диний көз караш чоң мааниге ээ болгон, дүйнө жана адам жөнүндө элдердин дүйнө кабылдоосу күнүмдүк аң-сезимдин формасында калыптанган. Белгилүү болгондой, философиянын рухий булагы болуп мифологиялык дүйнөгө көз караш жана илимий билимдердин элементтери эсептелет. Дин менен философияны кээ бир окшош жактары бар, ошону менен бирге бири-биринен өтө айырмаланышат. Дин да, философия да коомдук аң сезимдин формалары болуп эсептелет, алар коомдук болмушту чагылдырышат. Эки түшүнүк тең, жалпы дүйнөлүк көз караштардын милдеттерин чечет, аң сезимге кандай активдүү таасир этишсе, адамдардын жүрүш турушунда да ошондой таасир этишет. Азыркы учурда гуманизм, боорукердик социалдык адилеттүүлүк сыяктуу жалпы адамзаттын баалуулуктарынын приоритети кайра жаралуу мезгилинде философия жана дин баалуу нравалык нормалардын, принциптердин, бакыт, жакшылык, жамандык ж.б. түшүнүктөрдүн калыптанышына мүмкүндүк берет.

Дин жана философия пайда болгон мезгилден тартып бири-биринен айырмаланып келет. Биринчиден, дин иллюзиялык-фантастикалык образдарда жана элестетүүлөрдө чындыкты чагылдырса, ал эми философия сырткы дүйнөнүн өнүгүүсүнүн жалпы закон ченемдүүлүктөрү жана таануу процесси жөнүндө илим болуп эсептелет.

Бүгүнкү социалдык-саясий кырдаал диний көз караштарга карата мамилени чечкиндүүлүк менен жеңүүнү талап кылат. Динге, анын уюмдарына жана динге ишенүүчүлөргө мамиле жасоо жаңыча саясий ой жүгүртүүгө негизделген коомду жаңылоо үчүн эмгекчилер бирикмелеринин социалдык-экономикалык жана саясий милдеттери жана максаттары менен аныкталууга тийиш.

Акыркы жылдарда динге мамиле жасоо түп тамырынан бери өзгөрдү. Ал жөнүндө тамыр жайган догмалар жана кайталанмалар, жалпы инсандык баалуулуктарга артыкчылык берилип жатат. Ага кызыгуу, бүткүл айкындыгы динге ишенбөөчүлөр менен динге ишенүүчүлөрдүн, мамлекет менен чиркөөнүн ортосундагы маектин зарылдыгын моюнга алуу менен шартталган. Анын мааниси бири-биринин көз караштарын тереңирээк түшүнүүдө жана мындан биздин жалпы милдеттерибизди жүзөгө ашыруу боюнча биргелешип иштөөнүн мүмкүндүгү жөнүндө тыянак чыгарууда жатат.

Диний жана илимий окуулардын ортосундагы айырмачылыктар адамдарды бөлүүгө жана карама-каршы коюга тийиш эмес. Ар ким өзүнүн көз карашын коргоо менен бирге башка бирөөнүн рухий жана адеп ахлак баалуулуктарын урматтоо жана баалоого милдеттүү болуп эсептелет. Турмушту терең билүүдөн жана түшүнүүдөн келип чыккан динге ишенүүгө жол коюу бардыгынын чыныгы рухийлигинин белгиси болууга тийиш.

Динге ишенбөөчүлөрдүн өз ара мамилелериндеги башкы нерсе болуп биздин коомдун алдында турган проблемаларды биргелешип чечүүнүн жолдорун издөө жана жалпы адамзаттык баалуулуктардын биринчи орунда тургандыгын таануу эсептелет.

Жаңыча ой жүгүртүү биздин коомдогу динге ишенүүчүлөрдү жасалма түрдө обочолонтууну жок кылууга мүмкүндүк берет. Тарыхый далилдерге ылайык чиркөө мамлекеттен бөлүнгөн. Бирок, ал коомдон ажыраган эмес. Чиркөөнүн адеп-ахлактык, кайрымдуулук, тынчтыкты сактоочулук иши биздин коомду өркүндөтүүдө, аны бузулуудан сактоодо белгилүү ролду аткарат.

Ар кандай социалдык феномен сыяктуу эле, диндин тарыхый тагдыры социалдык прогресске көз карандылыкта турат. Бүгүнкү күндүн рухий актуалдуу маселеси болуп элибиздин идеологиялык кайра жаралуусу, маданий жаңылануусу, коомдун тарыхый өнүгүү зарылдыгы эсептелет. Мындай кайра жаралуу шартында, идеологиялык жаңыча түптөлүүдө, өткөөл мезгилдин рухий баалуу мурастарына таянып иш алып баруу бүгүнкү күндүн милдети.

Белгилүү болуп, калыптанган эл байыртан эле коомдук турмуштун түйүндүү маселелери өлкө ичинде болуп жаткан саясий кырдаал абалы, калктын социалдык жашоо тиричилиги жөнүндө ой жүгүртүп, дүйнөдөгү болуп жаткан кубулуштарга кызыгып, анын сырларын белгилүү бир түшүнүктө чечип келген.

Кыргызстандыктар анын ичинде кыргыздар үчүн 2005-жыл өзгөчө бурулуш жылдардан болду. Бул жөн эле кимдир бирөөнүн жеке каалоосу же каалобоосу менен жасалган окуя эмес. Тарых өзү күбө болгондой 15 жыл ичинде биз өз тарыхыбызды, руханий маданиятыбызды изилдөөдө кош көңүл мамиле жасагандыгыбызда. Демек, ар бир эл өзүнүн нукура баалуулугуна тереңдеп маани берүүгө убакыт келди. Ошондуктан, биз улутка тиешелүү кайталангыс руханий маданиятты, тилди, каада-салттарды башка элдердин каада-салтына каршы келбей турган деңгээлде колго алуубуз керек.